## Сын-пикир жазуунун эрежеси

Кыргыз тили жана адабияты журналына сунушталган ар бир макалага сын-пикир жазылууга тийиш.

Сын-пикир жазуу – бир тараптуу болуш керек, башкача айтканда, сын-пикир жазуучу адамга макаланын автору белгилүү болот, ал эми авторго сын-пикир жазуучу адамдын аты-жөнү купуя бойдон калат.

Илим бөлүмү макаланын антиплагият системасын текшерет. Макаланын оригиналдуулугу 80%дан кем болбошу керек. Эгер жогорудагы талап аткарылса, макалага сын-пикир жазууга жооптуу дайындалат.

Сын-пикирди макаланын мазмунуна жакын өзүнүн изилдөөлөрү бар, белгилүү бир тармактагы илимдин кандидаты же доктору жазууга тийиш. Сын-пикирди редакциялык коллегиянын мүчөлөрү да жазууга болот. Зарыл болсо сырткы эксперттер да тартылат.

Эгер макала «Кыргыз тили жана адабияты» журналынын талаптарына жооп бербесе, авторго кайтарылып берилет.

Рецензент белгиленген 10 күндүн ичинде макалага сын-пикир жазып, редакцялык-басма бөлүмгө электрондук вариантта өткөрүүсү керек.

Сын-пикир жазуунун жыйынтыгында макала:

- басып чыгарууга сунушталат;

- редакциялык оңдоолор менен басууга сунушталат (кайрадан сын-пикир жазылбайт);

- эскертүүлөрдү кайра карап чыккандан кийин басууга сунушталат (кайрадан сын-пикир жазуу менен);

- басып чыгарууга сунушталбайт (себебин көрсөтүү менен).

Эгерде макала эскертүүлөрдү кайра карап чыккандан кийин гана басууга сунушталса, К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун редакциялык-басма бөлүмү макаланы авторго кайтарып берет.